

# Автобиография

Ибаков Мирлан Орозбекович 1979-жылдын 18-июлунда Жети-Өгүз районунун Барскоон айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Ибаков Орозбек Барскоон совхозунда айдоочу, кийин арендатор, энеси Сагынбаева Толгоной бала бакчада тарбиячы болуп эмгектенген. Үй-бүлөдө 8 бир тууган, 2 кыз 6 эркек. 1985-жылы Орджоникидзе орто мектебинин босогосун аттап, 1996-жылы аяктаган, ушул эле жылы Барскоон айылындагы №55 кесиптик окуу жайына тапшырып, 1997-жылы аяктап, Бишкек шаарындагы Кыргыз Агрардык университетине "Агроэколог" кесине тапшырып, 2002-жылы ийгиликтүү аяктаган. 2002-жылы Фрунзе механизациялашкан токой чарбасында инженер болуп 2003-жылы 15-июлга чейин эмгектенген, андан кийин Токой чарба министрлигинде 2 ай иштеп, үй бүлөлүк шартына жараша Барскоон айылына келген. 2003-жылы Барскоон айылындагы №55 кесиптик лицейинде токой чарбачылыгы боюнча мастер мугалим болуп эмгектенип, 2008-жылы жеке чарба иштерине байланыштуу кызмат ордунан бошогон.

Үй бүлөлүү, жубайы Дакиева Салтанат №55 кесиптик лицейинин мугалими, 3 уулдун атасы. Өзү жана бир туугандары сот жообуна тартылган эмес.

2021-жылдын 11-апрелиндеги жергиликтүү кенештин депутаттарынын шайлоосунда Барскоон айылдык кенешинин 28-чакырылышынын депутаты болуп шайланган, 2023-жылдын 19-декабрында айылдык кенештин төрагасы болуп шайланган.

"20" февраль 2024-жыл ____________